**Жеке мүнөздөгү маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө жеке мүнөздөгү маалымат субъектисинин**
**БИРДИКТҮҮ АРЫЗЫ - МАКУЛДУГУ**

Мен, (аты-жөнү) ____________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ПИНи: ______________________________
Өздүгүн тастыктаган документ: ______________________ сериясы _______ № ___________
Берген мекеме: ____________________________________________
(берилген дата, мекеменин аталышы)
Айкын жашаган дареги: ____________________________________________
Катталган жеринин дареги: ____________________________________________
Байланыш телефону: ________________________________ Эл. почтасы: ______________________________

Өз эрким менен, тактап, шарт койбостон, аң-сезимдүү түрдө жеке мүнөздөгү маалыматтарымды **«Капитал Банкы» ААК**тын (мындан ары - Банк, жеке мүнөздөгү жазуулардын ээси) төмөнкү критерийлер боюнча иштетүүсүнө макулдугумду берем:

☐ жеке мүнөздөгү маалыматтарды иштетүүгө (салык жана банктык сырларды түзгөн маалыматтарды кошо алганда, жеке мүнөздөгү маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, жаңыртуу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоштуруу, бөгөттөө, жок кылуу);

☐ жеке мүнөздөгү маалыматтарымды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына, муниципалдык органдарына, ишканаларына, мекемелерине жана уюмдарына (анын ичинде Санариптик өнүктүрүү министрлигине, Мамлекеттик каттоо кызматына, Мамлекеттик салык кызматына, Социалдык фондго, Ички иштер министрлигине, Юстиция министрлигине, кыймылсыз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоо органдарына, транспорт каражаттарын каттоо органдарына, жарандык абалдын актыларын каттоо органдарына) жана/же башка жеткиликтүү маалымат булактарынан алууга, иштетүү жана өткөрүп берүүгө;

☐ мамлекеттик маалымат системалары аркылуу (анын ичинде «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү борбору (ВЭӨАБ), «Санарип аймак» автоматташтырылган маалыматтык системасы жана башка мамлекеттик санариптик платформалар аркылуу) жеке мүнөздөгү маалыматтарды текшерүүгө жана алууга;

☐ жеке мүнөздөгү маалыматтарды үчүнчү жактарга – иштетүүчүлөргө жана алуучуларга, анын ичинде:
– Кыргыз Республикасынын мобилдик операторлоруна (“MEGA”, “Beeline”, “O!”) – верификация жана билдирүү максатында;
– улуттук жана эл аралык төлөм системаларына – төлөм операцияларын жүргүзүү максатында;
– кредиттик бюролорго – «Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык өткөрүп берүүгө;
– башка үчүнчү жактарга:____________________________________________
(зарыл болгон учурда көрсөтүү)

☐ жеке мүнөздөгү маалыматтарды чек ара аркылуу өткөрүп берүү үчүн (жеке мүнөздөгү маалыматтардын ээси тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы маалыматтардын ээлерине, иштетүүчүлөргө же үчүнчү жактарга өткөрүп берүү):
Өлкө/алуучу: ______________________________________________
Максаты: ______________________________

**Иштетүүгө макулдук талап кылынган жеке мүнөздөгү маалыматтардын тизмеги:**

1. Фамилиясы, аты, атасынын аты (мурунку аты-жөнү, күнү, жери жана өзгөрткөн себеби);
2. Туулган күнү жана жери;
3. Жарандыгы жөнүндө маалымат;
4. Каттоодон өткөн жана айкын жашаган жеринин дареги;
5. Байланыш телефонунун номери жана башка байланыш каражаттары (электрондук почта дареги);
6. Өздүгүн тастыктаган документтин түрү, сериясы, номери, берген орган жана берилген күнү;
7. Жеке идентификациялык номер (ЖИН) жана салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык салыктык сырды түзгөн маалыматтар;
8. Пенсиялык камсыздандыруу жөнүндө маалымат (жеке камсыздандыруу эсеби, камсыздандыруу күбөлүгүнүн номери);
9. Кылмыш жоопкерчилигине тартылгандыгы, соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалымат;
10. Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктүн болушу жөнүндө маалымат;
11. Салык органдарына жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна карызы жөнүндө маалымат;
12. Үй-бүлөнүн курамы жана үй-бүлөлүк абалы жөнүндө маалымат;
13. Эмгек жолу жөнүндө маалымат (анын ичинде көмөкчү катары иштегендерин, ишкердик ишмердүүлүктү кошо алганда);
14. Жеке ишкер катары катталгандыгы жөнүндө маалымат (датасы, номери, каттоо органы, жарактуулук мөөнөтү);
15. Кирешеси, чыгашасы, мүлкү жана мүлккө байланыштуу милдеттенмелери жөнүндө маалымат;
16. Жеке фото сүрөтү жана/же видео сүрөт (анын ичинде инсандыгын тастыктаган документ менен);
17. Фото сүрөт жана/же өздүгүн тастыктаган документтин санарип формасы;
18. Биометрикалык жеке мүнөздөгү маалыматтар (техникалык жактан мүмкүн болсо жана өзүнчө макулдук болгондо).

**Жеке мүнөздөгү маалыматтарды чогултуунун жана иштетүүнүн максаттары:**

– банктык кызматтарды жана продукттарды алуу үчүн идентификациялоо, верификациялоо, авторизациялоо жана аутентификациялоо;

– мамлекеттик (муниципалдык), банктык, төлөм жана башка кызматтарды алуу/пайдалануу;

– Банктын мобилдик жана интернет тиркемелеринде, анын ичинде интеграцияланган инструменттерди кошо алганда, жеткиликтүү кызматтарды көрсөтүү;

– маркетинг жана жарнамалык кампанияларды өткөрүү, жекелештирилген билдирүүлөрдү жөнөтүү;

– тейлөө сапатын анализдөө жана жакшыртуу, жаңы кызматтарды жана продукттарды иштеп чыгуу;

– Кыргыз Республикасынын (салык, финансы, банк) мыйзамдарынын талаптарын аткаруу.

**Жеке мүнөздөгү маалымат субъектиси төмөнкүлөрдү тастыктайт:**

1. Бул макулдук кол коюлган күндөн тартып банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн бүтүндөй мөөнөт аралыгында жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган жеке мүнөздөгү маалыматтардын сактоо мөөнөттөрү аяктаганга чейин жарактуу.
2. Макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка кайтарылышы мүмкүн. Артка кайтарылган учурда, жеке мүнөздөгү маалыматтарды жана салык жана банктык сырды түзгөн маалыматтарды иштетүү Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине (2025-жылдын 31-июлундагы № 178) жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык толугу менен же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.
3. Эгерде жеке мүнөздөгү маалыматтар толук эмес, эскирген, так эмес же мыйзамсыз алынган болсо, субъект аларды жаңыртууну, бөгөттөп салууну же жок кылууну талап кылууга укуктуу.
4. Макулдук Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 31-июлундагы №178 санарип кодексине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-майындагы №289 «Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартибин жана формасын бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык таризделген.
5. Мен жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана салыктык сырды түзгөн маалыматтар бөлүгүндө салык мыйзамдары менен таанышмын. Жеке мүнөздөгү маалыматтарды коргоо боюнча менин укуктарым жана милдеттерим мага түшүндүрүлдү.
6. Бул макулдук формасында берилген бардык маалыматтар ага кол коюлган күнгө карата туура.

| Датасы:<br>(күнү, айы, жылы) | Аты-жөнү: | Кол тамгасы: |
| --- | --- | --- |
| | | |

*Форма 2025-ж. 31.07. КР Санарип кодексине жана КР Өкмөтүнүн 2017-ж 21.11. буга чейин колдонулган №759 токтомунун ордуна КР КМ 2025-ж. 28.05. №289 токтомуна ылайык иштелип чыккан.